**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш.,
К. Тыныстанов көч., 257
тел.: (312) 66-24-42
факс: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg
edu@mail.gov.kg

Bishkek 720040,
257, K. Tynystanov St,
tel.: (312) 66-24-42
fax: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg
edu@mail.gov.kg

720040, г.Бишкек,
ул. К. Тыныстанова, 257
тел.: (312) 66-24-42
факс: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg
edu@mail.gov.kg


______________________№ ____________

__________________№ _________________

**Педагогикалык кадрларды даярдаган жогорку окуу жайларынын ректорлоруна, орто кесиптик окуу жайларынын директорлоруна**

**Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү департаментине, Ош шаардык билим берүү башкармалыгына, тиешелүү райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө**

**Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги, 12 жылдык билим берүү системасына кадам таштап, бул багытта масштабдуу реформалар башталгандыгына байланыштуу, сапаттуу педагогикалык кадрларды даярдоо, республикадагы жалпы билим берүү уюмдарын педагогикалык кадрлар менен камсыздоо жаатында, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, республикадагы педагогикалык кадрларды даярдаган жогорку жана орто кесиптик окуу жайлары, тиешелүү райондук/шаардык билим берүү башкармалыктары/бөлүмдөрү менен биргеликте уюшкандыкта дуалдык окууну уюштурууну тапшырат.


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 03-3/3384, 10.09.2025 Кол койгон: Кендирбаева Д.Ш., 09.09.2025

Жогорку жана орто кесиптик окуу жайларынын 4-курсунун курсунун студенттерин тез арада (бир окуу жылына 2025-2026-окуу жылынын аягына чейин) Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Нарын, Талас, Каракол, Баткен шаарларындагы жакынкы жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарына зарылчылыгына жараша (мугалим, мугалимге жардамчы) камсыздоо керек экендигин билдирет.

Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү департаменти, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы, жогорудагы тиешелүү шаардык/райондук билим берүү бөлүмдөрү, дуалдык окуу процессин ишке ашырууда педагогикалык кадрларды даярдаган жогорку жана орто кесиптик окуу жайлар менен биргеликте иш алып барууну жана көмөктөшүү керек экендигин милдеттендирет.

Жогоруда белгиленген иш чаранын аткарылышы тууралуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына отчет жиберүү үчүн педагогикалык кадрларды даярдаган жогорку окуу жайларынын ректорлору жана орто кесиптик окуу жайларынын директорлору - дуалдык окуу процессин уюштуруудагы аткарылган иштер боюнча маалыматты тиркемеге ылайык, 2025-жылдын 20-сентябрына чейин жиберүүнү тапшырат.

Кошумча маалымат катары, суроолор боюнча министрликтин (0312 620477) байлыш телефонуна кайрылсаңыздар болот.

**Министр** **Д.Ш. Кендирбаева**

Сыдыбаев А., 620477.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 03-3/3384, 10.09.2025

Кол койгон: Кендирбаева Д.Ш., 09.09.2025